# *Чүй облустук мектеп- гимназиясында тарбиялык иштердин багыттары*

***Ден- соолукту чыңдоо багыты.*** *Тарбиячынын максаты- окуучулардын физикалык, психикалык соолугун чыңдоого камкордук көрүү, ушул багытта педагогикалык технологияларды жана методикалык ыкмаларды көрсөтүү (демонстрациялоо). Милдеттери:*

- *мектептен тышкары мекемелер менен кызматташуу, балдардын ден- соолугу, гигиена маселелери боюнча камкордук көрүү;*
- *дене- тарбия жана спорт менен байланышкан иш- чараларды уюштурат, балдардын дене жана жан дүйнөсүнүн гармониялуу өсүшүнө, эрктүүлүк, сабырдуулук ж.б. саппаттарынын калыптанышына камкордук көрүү;*
- *дене- тарбия мугалими менен бирдикте спорттук конкурстар (класс ичиндеги, класс аралык), спартакиада, олимпиадада уюштуруу, көрүнүктүү спортсмендер менен жолугушуу, спорт боюнча предметтик кече, викторина, фестиваль уюштуруу спортко арналган газетага конкурс уюштуруу;*
- *ден- соолук менен байланышкан тематикалык талкууларды уюштуруу, "Менин турмушумда дене- тарбия жана спорт", "Биздин өлкөнүн спортсмендери", "Спорттун түрлөрү, алардын тарыхы", "Спорт жана интеллект", "Спорттун түрлөрү", "Жаман адаттан кутулуунун жолдору";*
- *медициналык кызматкер менен бирдикте жыныстык тарбия боюнча жеке жана группалык консультация;*
- *өспүрүмдөрдүн проблемалары боюнча газета, журналдардан макалаларды талкуулоо.*

***Интеллектти өнүктүрүү багыты.*** *Тарбиячынын максаты- окуучунун жөндөмүн өнүктүрүү, рационалдуу, натыйжалуу ой жүгүртүүгө үйрөтүү, интеллектуалдык потенциалын жогорулатуу. Милдеттери:*

- *окуучунун реалдуу мүмкүнчүлүгүн, өнүгүү зонасын аныктоо, өзүн- өзү өркүндөтүүгө шарт түзүү;*
- *окуучулардын билим сапатын, жетишүүсүн көзөмөлдөө, жеке мүмкүнчүлүгүнө жараша дифференцирленген иш жүргүзүү (предметтик мугалимдер менен кызматташуу);*
- *акыл эмгегин уюштуруу маданиятын көзөмөлдөө, интеллектуалдык жактан өнүгүүсүн көзөмөлдөө, консультация берүү, акыл тарбиясы боюнча иш- чараларды уюштуруу;*
- *психолог менен бирдикте окуучулардын интеллектуалдык өнүгүүсү боюнча коррекциялык иштерди уюштуруу;*
- *мектептен тышкары мекемелер менен бирдикте балдардын интеллектик өнүктүрүү максатында кызматташуу;*

- *ой жүгүртүүнү, эске тутууну өнүктүрүүгө карата (класстын ичинде) конкурс, (параллель класстарда) интеллектуалдык марафон, талкуу уюштуруу;*
- *илимий изилдөө иштери боюнча конференция өткөрүү;*
- *факультатив, атайын курс.*

*Интеллект багытындагы негизги түшүнүктөр: акылдын өнүгүшү, интеллектуалдык өнүгүү, чыгармачыл жөндөмүн өнүктүрүү, пратикалык интеллектин, социалдык интеллектин, кругозорун өстүрүү, интеллектуалдык потенциалын жогорулатуу.*

***Мамиле түзүүгө үйрөтүү багыты.***

*Тарбиячынын максаты- эл менен мамиле түзүү боюнча улуу муундагылардын тажрыйбаларын өздөштүрүүгө, андагы позитивдүү жана негативдүү жагын ачуу аркылуу, социалдашуу боюнча билимге билгичтикке, көндүмгө ээ болууга үйрөтүү. Милдеттери:*

- *тарбиячы, окуучу, улуу, кичүү менен мамиле түзүүгө үйрөтүү;*
- *ар башка муундагылардын мамиле түзүү тартиби менен таанылтыруу;*
- *окуучулардын бири- бири менен мамиле түзүүсүн көзөмөлдөө, проблемаларын аныктоо, коррекциялоо;*
- *элдин мамиле түзүү боюнча тарыхый тажрыйбасына кайрылуу, эл менен мамиле түзө билүүнүн ролуна, билбестигинин натыйжасына (аягына), алардын кийинки муунга тийгизген оң(терс) таасирине кайрылуу;*
- *мамиле түзүүгө шарт түзүү, мамиле түзүүдө аналитикалык жана рефлексивдик (таасирге жообу) көндүмдөрүн калыптандыруу;*
- *ата- энелерге мамиле түзүү маселелери боюнча косультация берүү;*
- *Чыгыш жана Батыш элдеринин мамиле түзүүдөгү өзгөчөлүктөрүн үйрөтүү.*

*Мамиле түзүү багытындагы негизги түшүнүктөр: эмоция, сезим, рефлексия, эмпатия (санаалаштык, тилектештик), боорукерлик, өзүн- өзү башкара билүү*
*Класстан тышкаркы иштердин формасы: мамиле түзүүдө кездешүүчү проблемалар боюнча тематикалык класстык саат, интерактивдүү оюндар, ата- энелер менен окуучу мамиле түзүү боюнча тренинг, жеке консультация, окуучулардын чыгармачылыгын презентациялоо (көркөм окуу, тартуулоо, коргоо ж.б.).*

***Адептик аң- сезимди өнүктүрүү багыты.*** *Тарбиячынын максаты- окуучулардын адептик нормаларды, эрежелерди түшүндүрүү, ой жүгүртүүсүн өстүрүү. Милдеттери:*

- *эл менен адептүү мамиле түзүүнүн жол- жоболорун үйрөтүү;*
- *жалпы адамзаттык дөөлөттөр, адептик баалуулуктар жөнүндө түшүнүк берүү;*
- *реалдуу турмуштагы адептик билимдин негизинде аракет кылуу;*

- *окуучулардын эркин өнүктүрүү, өзүнүн чабал күчтүү жагына сын көз менен кароо, ага маани берүү;*
- *экстремалдык шартта туура жол табууга тарбиялоо, оор турмуштук шартта адептик позицияда болгон адамдардын үлгүсү менен тааныштыруу;*
- *окуучулардын адептик билимин тереңдетүү жана аларга өзүн өзү өркүндөтүү жолдорун үйрөтүү;*
- *элдик традицияларга, укумдан тукумга келе жаткан тарбиялык усулдарга жакшы мамилени калыптандыруу;*
- *уккан нерсени эске тутуп калууга, көргөн нерсени көкүрөккө түйүп калууга, жыйынтык чыгарууга үрөтүү;*
- *аң- сезимге келген жаман ойлордон кутулууга, позитивдүү ой жүгүртүүгө көнүктүрүү;*
- *маанисиз, жаман сөздөрдү сүйлөбөгөнгө үйрөтүү.*

*Адептик аң- сезимдүүлүктү өнүктүрүү багытында негизги түшүнүктөр: адептик баалуулуктар, адептик аң- сезим, позитивдүү (негативдүү) ойлор, этикалык окуу, адептик билим, адептик тажрыйба.*

*Класстан тышкаркы иштердин формалары:*

- *адептик аң- сезимдүүлүктү өнүктүрүү боюнча изилдөө иштерди жүргүзүү;*
- *ооруканага, балдар бакчасына, жетим балдарга шефтик иштер;*
- *көрүнүктүү адамдардын адебине, позициясына анализ;*
- *өзүн- өзү адепт жактан өнүктүрүү боюнча тренинг өткөрүү;*
- *адептүүлүктүн алтын эрежесин өздөштүрүү;*
- *илимий жана диний көз караштан карап, адептик баалуулуктарды салыштыруу;*
- *согуштун, эмгектин ардагерлерине жардам берүү;*
- *"адептик туура жол издөө" клубун уюштуруу.*

***Бош убакытты туура пайдалануу багыты.*** *Тарбиячынын максаты- окуучуларды турмуштук ар кандай жагдайда өз алдынчылыкка, убакытты баалуулук катары таанууга, ага акниеттүү, жоопкерчиликтүү, демилгелүү мамиле кылууга үйрөтүү. Милдеттери:*

- *класстан тышкаркы иштердин стандарттуу эмес, чыгармачыл формаларын уюштуруу;*
- *окуучулардын шыгына, жөндөмүнө, кызыкчылыгына жараша ар кандай кружокко, секция, клубга катышуусуна камкордук көрүү;*
- *окуучулардын мектептен тышкары бирикмелердеги класстан тышкаркы иштердеги изденүүлөрүн, ийгиликтерин ата- энелерге, мугалимдерге көрсөтүү;*
- *башкалардын ийгилигине карата калыс болууга, өз ийгилигин туура (адекваттуу) баалоого үйрөтүү.*

*Бош убактыларын туура пайдаланууга үйрөтүү багытында аткарылуучу иш-аракеттердин түрлөрү:*

- *окуучуларга класстан тышкаркы иштерде өз алдынчалыкка, мүмкүндүк берүү, ишин пландаштыруусун байкоо, аны аткарууга, жоопкерчиликке үйрөтүү;*
- *окуучулардын демилгелерин колдоо.*

*Класстан тышкаркы иштердин формалары:*

- *календардагы кызыл даталарга даярдануу, фестиваль, адабий, илимий кече, беш мүнөт поэзия, марафон, таланттуулардын конкурсу ж.б.*

***Жарандык аң- сезимди калыптандыруу багыты.*** *Тарбиячынын максаты- окуучуга укуктук нормалар жөнүндө илим берүү, коомго, адамга, мамлекетке карата укуктук билимдин негизинде аң- сезимдүү (өз алдынча) мамиле түзүүгө үйрөтүү. Милдеттери:*

- *коомго (адамга) карата укуктук норманын негизинде мамиле түзүүнү, укуктук жактан маданияттуулукту калыптандыруу;*
- *гуманисттик көз карашты калыптандыруу, башкалардын укугун сыйлоого, өз укугун билүүгө үйрөтүү;*
- *укуктук тарбия боюнча ар кандай маселелерди чечүүгө үйрөтүү, моралдык жактан өзүн- өзү өнүктүрүү, проблемаларды чечүүгө үйрөтүү.*

*Жарандык аң- сезимди өнүктүрүү багытындагы иш аракеттердин түрлөрү:*

- *мамлекеттин укуктун нормаларына, мыйзамдарына, карата жоопкерчиликтүү мамиле кылууга үйрөтүү;*
- *укуктук билимдерди, билгичтиктерди, жүрүм- турум жөндөмдөрүн калыптандыруу максатында класстан тышкары иш- чараларды уюштуруу;*
- *укуктук уюмдар менен кызматташуу, турмуштун ар кандай жагдайларында калыстык, ынсап, уят, милдет сыяктуу мотивдин негизинде адептүү укуктук чечим тандоого үйрөтүү;*
- *тематикалык класстык саат, атайын курс;*
- *укуктук структурада, коргоо мекемесинде иштеген, закондун тартибин билген кызматкерлери жана аскердик бөлүмдүн кызматкерлери менен жолугушуу;*
- *укуктук тематикада викторина, конкурс, өткөрүү, конституция күнүн белгилөө;*
- *"менин кандай укуктарым бар" деген темада интерактивдүү оюн, маек, талкуу уюштуруу;*
- *укуктук тематикада окурмандардын конференциясы.*

*Жарандык аң- сезимдүүлүлүктү өнүктүрүү багытында ар кандай түшүнүктөр: укук, мыйзам, милдет, укук бузуу, кылмыш, жоопкерчилик, ар- намыс, моралдык сапат, наркутуулук, абийир, укутук норма, адамдык кадыр.*

***Үй- бүлө менен иш жүргүзүү багыты.*** *Тарбиячынын максаты- ата- эне менен педагогдордун кызматташуусу аркылуу окуучунун адамдык сапаттарын өнүктүрүү үчүн бирдиктүү аракет этүү. Милдеттери:*

- *ата- энелер менен тематикалык (жекече) консультация, маектешүү, ата-энелердин чогулушунда педагогикалык, психологиялык жактан агартуу иштерин жүргүзүү, окуу- тарбия процессинин бардык катышуучуларынын өз ара карым катышына нормалдуу атмосфера түзүү, чыр- чатакты, келише албастыкты (чыдамдуулук көрсөтүү менен) жеңип чыгуу.*

*Үй- бүлөлүк тарбия багытында иш- аракеттердин түрлөрү:*

- *мектептин психологиялык кызматы менен кызматташуу, ата- энелерге коллективдүү консультация;*
- *окуучулардын үй- бүлөлүк традициялары, баалуулуктары менен таанышуу;*
- *мектептин жана класстын турмушуна активдүү катышкан ата- энелерге дем берүү, кызыктыруу;*
- *үй- бүлө түзүүгө даярдоо, үй- бүлөнүн мүчөсүнө шерик болууга үйрөтүү, турмушта кездешүүчү кыйынчылыктарды жеңүүгө карата билим берүү, социалдык даярдык көрүү;*
- *үй- бүлөдө аялдын жана эркектин мамилесин үйрөтүү, сүйүү, достук, калыстык, эгоизм, скептизм ж.б. түшүнүктөрдү адекваттуу түшүнүүсүнө көңүл бөлүү, башканын оюн туура түшүнүүгө үйрөтүү, улуулардын жагымсыз позициясына карата каяша айтуунун пайдасыздыгын түшүндүрүү, оригиналдуу болумуш этүүнүн, өзүн "көрсөтүүнүн", обу жок максимализмдин зыяндуулугун түшүндүрүү.*

*Үй- бүлөлүк тарбия боюнча негизги түшүнүктөр: үй- бүлөлүк тартип, үрп- адат, тукум куучулук сапаттары, үй- бүлөнүн түп- тамыры, ата- эненин авторитети, бир туугандарынын ынтымагы, үй- бүлөнүн мамилеси, үй- бүлөнүн рухий абалы, кары- картаңдарга, чабалдарга мамилеси.*

*Класстан тышкары иштердин формалары:*

- *биздин үй- бүлөдө өткөн тарыхый окуялар деген темада класстык саат өтүү;*
- *үй- бүлөнүн катышуусу менен өткөрүлүүчү спорттук мелдеш;*
- *ата- энелер менен балдар мамиле түзүү клубун уюштуруу, үй- бүлөнүн мүчөлөрү катышкан викторина, КВН, брейн- ринг, кол өнөрчүлүгүнүн кароосу, чыгармачылыгынын көргөзмөсү.*